| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**<br>**проректору, профессор**<br>**_____________ А.П.Алибаев**<br>**____ ____01________ 2025-ж.** | **БЕКИТЕМ**<br>**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**<br>**ректору, профессор**<br>**_____________ К.Ж.Усенов**<br>**____ ____________ 2025-ж.** |

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы**

***Кызматтык милдеттери:***

1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнүн багыттарын аныктоо.
2. Бөлүмдүн учурдагы иштерин пландаштырууну камсыздоо.
3. Университеттин өнүгүү пландарына ылайык бөлүмдүн иш пландарынын аткарылышын уюштуруу жана көзөмөлдөө.
4. Башка структуралык түзүмдөр, факультеттер жана колледждер менен макулдашуу аркылуу билим сапатын жогорулатуу боюнча пландаштырылган иштерди көзөмөлдөө.
5. Студенттерден, профессордук-окутуучулук курамдан, кызматкерлерден билим берүүнүн сапатын жогорулатууга байланышкан маселелер боюнча аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү.
6. Студенттер тарабынан өздөштүрүлгөн билимдерине мониторинг жүргүзүүгө жетекчилик кылуу.
7. Окуу процессин камсыз кылуучу типтүү окуу пландарынын, жумушчу окуу пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө жана кадрдык жактан камсыздалышына экспертиза жүргүзүү.
8. Билим берүү программаларынын окуу-усулдук жактан камсыздалышына, материалдык-техникалык жактан жабдылышына жана башка материалдарга экспертиза жасоого жетекчилик кылуу.
9. Билим сапатын жогорулатуу боюнча социологиялык иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө жетекчилик кылуу.
10. Профессор-окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу жана жаңы технологияларды жайылтуу боюнча иш-чараларды көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.
11. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, университетке пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
12. ЖАМУнун жана билим берүү программаларынын Сапат боюнча кеңешинин курамын жана иш планын бекитүүгө сунуштарды даярдоо.
13. ЖАМУда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын МАга киргизилген дисциплиналар боюнча түзүлгөн тестик тапшырмалардын сапатын текшерүү.
14. Жаңыдан ачылып жаткан билим берүү программаларына лицензия алуу үчүн даярдалган документтерге экспертиза жасоого жетекчилик кылуу.
15. Университеттин аккредитациялык көрсөткүчтөргө ылайык келүүсүнө мониторинг жүргүзүү жана аккредитациялык документтерди даярдоого көзөмөл жасоо;
16. ЖАМУда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын аккредитациядан өткөрүү боюнча келишимдерди, макулдашууларды иш жүзүнө ашыруу.
17. ЖАМУнун жана билим берүү программаларынын аккредитациядан кийинки мониторингин уюштуруу, иш чаралардын планын түзүүнү координациялоо жана түзүмдүк бөлүмдөр менен иш жүргүзүү.
18. Жогорку окуу жайлардын Кыргызстандын ичиндеги жана эл аралык деңгээлдеги рейтингдерге катышуусун иш жүзүнө ашыруу.

20. ЖАМУнун Административдик жана Окумуштуулар кеңешине лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты боюнча маалыматтарды даярдоо.
21. ЖАМУнун жетекчилиги тарабынан оозэки жана жазуу түрүндө кошумча берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттүү.

***Укуктары:***

1. Университеттин структуралык түзүмдөрүндөгү билим берүүчү жана анын сапатын жогорулатуучу маселелер боюнча маалыматтарды талап кылат жана аларды алат;
2. ЖАМУдагы окуу процессинин жүрүшү, жыйынтыгы боюнча маалыматтарды, аныктамаларды, жоопторду, документтерди ала алат;
3. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу саясаты боюнча приоритеттүү багыттарды аныктайт жана ишке ашыруунун стратегиясын жана тактикасын сунуштай алат;
4. Структуралык түзүмдөрдөгү сапаттуу билим берүүгө байланыштуу ачыкка чыгарылган кемчиликтер боюнча жоопторду талап кыла алат жана окуу иштери боюнча проректорго, ректорго сунуштарды даярдайт;
5. Окуу иштери боюнча проректор менен макулдашуунун негизинде жана ректордун уруксаты менен билим сапатынын менеджментин жакшыртуу боюнча Окумуштуулар кеңешине сунуштарды даярдайт.

***Жоопкерчилиги:***

1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө (ЛАББСБ) жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жоопкерчилигин көзөмөлдөө;
2. Жогорку турган органдарга даярдалган маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү;
3. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окуу процессинин жүрүшүнүн абалына дайыма көзөмөл жүргүзүү;
4. Өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттеринин негизинде аткарылган иштин сапатына жооп берет.

Лицензиялоо, аккредитациялоо жана
билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы Маматова Г.Т.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**проректору, профессор**
**________________ А.П.Алибаев**
**_____ ______________ 202__-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, профессор**
**__________________ К.Ж.Усенов**
**_____ _______________ 202___-ж.**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн методисти**

***Кызматтык милдеттери:***

1. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүүнүн сапатын төмөндөтүүчү себептерди аныктап, аларды жоюу боюнча сунуштарды берүү.
2. Билим берүү процессинин ресурстук жактан камсыздалуусунун сапатын экспертизалоо жана сунуштарды берүү.
3. Окуу пландарынын мамлекеттик же ЖАМУда иштелип чыгып, бекитилген билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү боюнча эспертиза жасоо жана сунуштарды берүү.
4. Жумушчу програмалардын, силлабустардын, ОУКдин билим берүү программаларынын НББПна жана окуу пландарына ылайык түзүлүүсүнө экспертиза жасоо.
5. Даярдалып жаткан багыттардын/адистиктердин окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздалуусун талдоо жана сунуштарды берүү.
6. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында учурдагы текшерүүгө, квалификациялык/дипломдук жана магистрдик иштердин уюштулушуна талдоо жасоо жана жобого ылайык жазылуусуна экспертиза жасоо.
7. Студенттердин дисциплиналар боюнча калдык билимине мониторинг жүргүзүү.
8. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, университетте пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
9. ЖАМУнун алдындагы орто кесиптик билим берүү мекемелеринде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу жана аткарылышын көзөмөлдөө.
10. Факультеттердеги, колледждердеги жана кафедралардагы жаңы билим берүүчү программаларга лицензия алууга даярдануу боюнча жалпы жетекчилик кылуу жана экспертиза жүргүзүү.
11. Жаңы билим берүүчү програмаларга лицензия алуу үчүн документациялардын жалпы пакетин даярдоо.
12. Билим берүү программалары боюнча алынган лицензияларды кайрадан тариздөө.
13. ЖАМУда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын реестрин түзүү.
14. Атайын бөлүмгө жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын лицензияларынын, аккредитациянын жарактуулук мөөнөттөрү боюнча маалыматтарды берүү.
15. ЖАМУнун жана билим берүү программаларынын аккердитациядан өтүүсү боюнча факультеттердин, колледждердин, кафедралардын ишмердүүлүгүн анализдөөгө, маалымат-методикалык жардамдарды берүүгө, текшерүүгө катышуу.
16. ЖАМУнун жана билим берүү программаларынын аккредитациядан кийинки мониторингин уюштурууга катышуу жана түзүмдүк бөлүмдөр менен иш жүргүзүү.
17. Бөлүмдүн кызматкерлерине ар бир айдын аягында жумуш убактысын колдонуу эсебин аныктап, эмгек акысы боюнча табель түзүү.
18. ЖАМУнун жетекчилиги тарабынан оозэки жана жазуу түрүндө кошумча берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттүү.

***Укуктары:***

1. Университеттин структуралык түзүмдөрүндөгү билим берүүчү жана анын сапатын жогорулатуучу маселелер боюнча маалыматтарды талап кылат жана аларды алат;
2. ЖАМУдагы окуу процессинин жүрүшү, жыйынтыгы боюнча маалыматтарды, аныктамаларды, жоопторду, документтерди ала алат;
3. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу саясаты боюнча приоритеттүү багыттарды аныктайт жана ишке ашыруунун стратегиясын жана тактикасын бөлүмдүн жетекчисине сунуштай алат;
4. Структуралык түзүмдөрдөгү сапаттуу билим берүүгө байланыштуу ачыкка чыгарылган кемчиликтер боюнча жоопторду талап кыла алат жана бөлүмдүн башчысына сунуштарды даярдайт;

***Жоопкерчилиги:***

1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү (ЛАББСБ) тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жоопкерчилиги жүктөлөт;
2. Жогорку турган органдарга даярдалган маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү;
3. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окуу процессинин жүрүшүнүн абалына дайыма көзөмөл жүргүзүү;
4. Өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттеринин негизинде аткарылган иштин сапатына жооп берет.

Лицензиялоо, аккредитациялоо жана
билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы Маматова Г.Т.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**проректору, профессор**
**________________ А.П.Алибаев**
**_____ _______________ 202___-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору, профессор**
**__________________ К.Ж.Усенов**
**_____ _______________ 202___-ж.**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн инспектору**

***Кызматтык милдеттери:***

1. Предметтер боюнча түзүлгөн жумушчу программалардын, силлабустардын, ОУКдин мамлекеттик же же ЖАМУда иштелип чыгып, бекитилген билим берүү стандарттарына туура келүүсүн көзөмөлдөө.
2. Билим берүүдөгү терс көрүнүштөрдү жоюу, билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында студенттер арасында сурамжылоо (анкетирование) жүргүзүү жана анын жыйынтыгына талдоо жасоо.
3. Ар бир адистиктерден, студенттердин калдык билимин текшерүү максатында белгилүү дисциплиналар боюнча тесттердин базасын түзүү, мониторинг жүргүзүү жана жыйынты боюнча статистикалык маалыматтарды даярдоо.
4. Предметтер боюнча алынуучу модулдардын, экзамендердин жүрүшүн жана сапаттуу өткөрүлүшүн көзөмөлдөө.
5. Студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында учурдагы текшерүүгө, курстук жана квалификациялык/дипломдук иштердин уюшулушуна талдоо жасоо жана жобого ылайык жазылуусун көзөмөлдөө.
6. Графикте көрсөтүлгөн окутуучулардын ачык сабактарына катышуу жана алдынкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча сунуштарды даярдоо.
7. Окутуучулардын өз билимин өркүндөтүү боюнча аткарылып жаткан иштерин көзөмөлдөө.
8. Профессор-окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу боюнча уюштурулган иш-чараларды көзөмөлдөө жана сунуштарды берүү.
9. Профессордук-окутуучулар курамынын аттестациядан өтүүсү үчүн критерийлерди иштеп чыгуу жана сунуштоо.
10. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окутуунун инновациялык технологияларын практикалоо жана аны жайылтуу боюнча сунуштарды берүү.
11. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында башка окуу жайлардын тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо, университетте пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
12. ЖАМУнун жетекчилиги тарабынан оозэки жана жазуу түрүндө кошумча берилген тапшырмаларды аткарууга милдеттүү.

***Укуктары:***

1. Университеттин структуралык түзүмдөрүндөгү билим берүүчү жана анын сапатын жогорулатуучу маселелер боюнча маалыматтарды талап кылат жана аларды алат.
2. ЖАМУдагы окуу процессинин жүрүшү, жыйынтыгы боюнча маалыматтарды, аныктамаларды, жоопторду, документтерди ала алат.
3. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу саясаты боюнча приоритеттүү багыттарды аныктайт жана ишке ашыруунун стратегиясын жана тактикасын бөлүмдүн жетекчисине сунуштай алат.
4. Структуралык түзүмдөрдөгү сапаттуу билим берүүгө байланыштуу ачыкка чыгарылган кемчиликтер боюнча жоопторду талап кыла алат жана бөлүмдүн башчысына сунуштарды даярдайт.

***Жоопкерчилиги:***

1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү (ЛАББСБ)

2. Жогорку турган органдарга даярдалган маалыматтардын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү;
3. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча окуу процессинин жүрүшүнүн абалына дайыма көзөмөл жүргүзүү;
4. Өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттеринин негизинде аткарылган иштин сапатына жооп берет.

Лицензиялоо, аккредитациялоо жана
билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы Маматова Г.Т.